# Эгерде баланын канынын агышы пайда болсо, ата-энелер муну билүүгө тийиш!

Ата-энелер өзүнүн баласынын ден-соолугуна сезимтал мамиле кылууга жана анын ден-соолугунун абалынын бир аз өзгөрүүлөрүнө көңүл бурууга жана адистерге өз убагында кайрылууга тийиш.

Көбүнчө кан агуу бир калыптагы мүнөздө болоорун, ушуга байланыштуу ата-энелер аны элес албай тургандыгын же аларды турмуштук себептерге (жыгылып же бир нерсеге урунуп алган ж.б.) байланыштыраарын белгилей кетүү керек.

Мындай кан агуулар тромбоцитопатия дартына чалдыкканда байкалат. Тромбоцитопатиялар – бул дарттын тобу, анын тушунда тромбоциттердин саны кадимкидей болгондо да алардын сапатынын толук болбошу келип чыгат. Келип чыгышы боюнча анын тукум куучулук же жуккан формаларын айырмалашат, тромбоцитопатиялардын 50дөн ашык формасын бөлүп көрсөтүшөт.

Кан тамырлардын кан чыгарышынын күчөшү (аспириндин), карбенициллинди кабыл алуу менен, курч жана өнөкөт жугуштуу сезгенме дарттар менен, авитаминоздор менен, дисбактериоздор менен күчөтүлүшү мүмкүн. Ушундай учурларда пайда болуучу токсиндер жана кандагы метаболиттик жылыштар тромбоциттердин азыктуулук (ангиотрофикалык) жана уюшун (гемостатикалык) бузуу менен тромбоциттердин сапаттык мүнөздөмөсүн бузат.



Врачтык жардам үчүн кеч кайрылуу өмүр үчүн коркунучтуу болгон кан агуулар жана кан айлануунун бузулушу менен постгеморрагиялык анемиянын өнүгүшүнө алып келиши мүмкүн. Тамак-аш рационунан ачык сууну жана үй шартында консервацияланган, аспирин кошулган азыктарды жана татымалдарды (анын ичинде пиязды, сарымсакты, майонезди) чыгарылып салынат.

Тромбоцитопатия бар балдарды мертинүүдөн сактоо өтө маанилүү болот, ушул максатта дене тарбиясы жана спорт менен машыгууга, айыл чарба жумуштарын жасоого жана үйдөгү малды багууга тыюу салуу максатка ылайыктуу болот. Кан агуу күчөп кеткенде ооруканага жаткыруу сунуш кылынат.


**«Help the Children-SKD»
Коомдук Кайрымдуулук
Фонду**

тел.: +996 (312) 905 178,
www.deti.kg



Материал «Help the Children-SKD» Коомдук Кайрымдуулук Фондунун «Жашоо үчүн билим берүү» долбоорунун алкагында Кыргыз Республикасынын Калкты социалдык коргоо боюнча министрлиги, КР Саламаттык сактоо министрлигинин Энеликти жана балалыкты коргоо улуттук борборунун балдар гематологиясы бөлүмүнүн врачтары.